**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Алыбек Акуновичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын издении алуу үчүн берилген Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02. – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролуна изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:** Эгемендүү Кыргызстанды өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтүү кырдаалды жөнгө салуу ролун комплекстүү изилдөөнүн негизинде аныктоо. Коюлган максат төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1. Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепцияларды анализдөө.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн көп түрдүү теориялык негиздерин иликтөө.
3. Этно-конфликти изилдөөдөгү негизги багыттарын иликтөө.
4. Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга багытталган мамлекеттик мыйзамдарды, ченемдик укуктук актыларды анализдөө.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү ишмердигин жана мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө.
6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү

КИРИШ № ДК-6-20
«26» ноябр 2020 ж

өз алдынча башкаруу органдарынын этно-конфликтерди токтотууда жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салуудагы тажрыйбасын анализдөө.

7. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ролун анализдөө.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ролун, кызматташтыгын, багыттарын жана келечегин анализдөө жана аныктоо.

Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүүнүн мүмкүнчүлүгүн баалоо.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:** Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ишмердүүлүгүн анализдөө

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

**3. Диссертациялык теманын актуалдуулугу** Этностор аралык мамилелер XX-XXI кылымдарда дүйнө элдеринде ошонун арасында Кыргызстанда социалдык-саясий өзгөрүүлөр менен коштолду. Көп мезгил союздук республика болуп келген бирдиктүү күчтүн уроосу мамлекеттердин эгемендүүлүктү алуусу менен гана чектелген жок. Башкарууну өз колуна алган мамлекеттерде мурдатан билинбей келген пикир келишпестиктерге, саясий туруксуздуктун терс таасири күчөп, этностор аралык чыр-чатактардын ачыкка чыгуусуна түрткү болду. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу аракеттери негизги маселе катары күн тартибинде туруп, алардын уруктуулугун жана улуттук коопсуздугун жөнгө салуу багытында бир катар перспективдүү пландар иштелип чыкты. Ошого карабастан мындай этностор аралык конфликтүү көрүнүш Кыргызстандын түштүк аймагында кайра-кайра кездешкендиги да тарыхый реалдуу көрүнүш.

Коомдук прогрессте коммуникациянын, калктын мобилдүүлүгүнүн, массалык-маалымат каражаттарынын, интернет технологиясынын жогорулап өсүүсү калктын жашоосун өзгөртүп, өз алдынча аракеттенүүгө алып келүү менен карама-каршы тенденцияны пайда кылды. Азыркы геосаясий мейкиндикте кыргыз коому коомдук-саясий багытын аныктоосу, улуттук-этникалык маселелерин позитивдүү чечүүсү, өнүгүүнүн перспективдүү моделин тандоосу, акыйкат башкарууну колго алуусу зарыл.

Этникалык топтор өздөрүнүн тарыхый тажрыйбасын, маданиятын, каада-салтын сактоого аракеттенишет. Улуттук-аймактык өз алдынчалыкты талап кылган фактылары да кездешет. Көпчүлүк учурда мындай аракеттер негативдүү көрүнүштөр менен коштолуп, саясий туруксуздукка, адам өлүмүнө, материалдык чыгымдарга алып келет. Официалдуу маалыматтар боюнча Кыргызстандын түштүгүндө 1963, 1990, 2010-жылдары этностор аралык конфликтер катталган. Кагылышуунун негизги себептери катары саясий туруксуздук, экономикалык, социалдык, саясий, аймактык, саясий элитанын бийлик үчүн күрөшүндөгү конфликтке алып келген чакырыктары, бийлик үчүн күрөш, этностор аралык байланыш менен мамилелердин чыңалуусун жаратkан. Адамзат канча мезгил жашаса ошончо мезгил конфликтүү кырдаал коштоп жүргөндүктөн бул феномендин илимий анализи дайыма актуалдуу болуп саналат. Анткени этностор аралык конфликтер үстүртөн жалпылаштырып караганда келип чыгуу себептери окшош, бирдей сыяктанат. Ал эми тажрыйба менен изилдөөлөр көрсөткөндөй бири-биринен кескин түрдө айырмаланат.

Этностор аралык конфликттерди токтотуу, жөнгө салуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролун, кызматташтыгын саясий анализдөө учур талабы. Андыктан, этностор аралык мамилелеринин өнүгүү тенденцияларына алдын ала сереп салуу, улуттук-этникалык толеранттуулук принциптерин ишке ашыруу, коомдогу инсандын ордун социо-маданий аң-сезимин жогорулатууга багыт алуу, кадр саясатын жүргүзүү зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жана кызматташтыгы изилдөөнүн негизги мазмунун түзүп, теманын актуалдуулугун далилдейт.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

1. Этностор аралык мамилелердин концепциялары, теориялык моделдери иликтенген.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелердин теориялык негиздери жана көп түрдүү багыттары иликтенген.
3. Изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык

жана функционалдык багыттары иликтенген.

4. Кыргыз тилине берилген статус, мамлекеттеги демократиялык кыймылдардын таасирлери, КР Конституциясынын негиздери, өлкөдө жашаган башка этностор арасында наалразычылыктар Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшүнө, этностор аралык мамилелерге байланышкан президенттердин жарлыктарын, мыйзамдарды, этникалык өнүгүү концепцияларын кабыл алынуусуна түрткү болгон.
5. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги күч. Анткени көйгөйлөр токтоосуз чечүүнү талап кылган жергиликтүү маселеден башталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн аймагындагы жарандарын билишет, көйгөйлөрүн чечүүгө милдеттүү жана мүмкүнчүлүктөрү бар.
6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди токтотууда жана чечүүдөгү тажрыйбасы иликтенген. Алардын конфликти жөнгө салууда чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.
7. Өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда аткарган иштери оң таасирдуу болгону менен терс таасирдүү тажрыйбасы да бар.
8. Өкмөттүк эмес уюмдар коомдук башталышта жергиликтүү жарандар арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташып жыйналыштарды тренинг-семинарларды уюштуруу аркылуу чет мамлекеттердин тажрыйбасын жайылтышат. Этностор арасындагы ынтымак менен биримдикти чыңдоого багыттар калыптанып жатат.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишеимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

1. Этностор аралык мамилелердин примордиалисттик, конструктивисттик жана инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностун, улуттун түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет.
2. Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005 жана 2010-жылдардагы саясий төңкөрүштөр, 2010-ж. кыргыз-өзбек этникалык кагылышуусу, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана көп партиялуу системанын республикадагы тажрыйбасы этностор

аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсүнө негиздүү болушу үчүн саясий партияларга этностук азчылыкка квоталар шайлоо кодексине киргизилген жана Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык жана КР укуктук нормаларынын негизинде этностор аралык келишпестиктердин алдын алууга, мыйзам чегинде этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө түз жоопкерчиликтүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө этникалык топтун өкүлдөрүн катыштыруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жөнгө салып, мамилелерди өнүктүрүүгө багыт алуу мүмкүнчүлүгү бар. Республикалык масштабда жаңы институттарды түзүүнүн кажети жок себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамында жана өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында этностор аралык конфликтердин алдын алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар.
4. Жергиликтүү жамаат, айыл аксакалдары менен диний уюмдардын өкүлдөрүнүн кызматташтыгы Ош, Жалал-Абад жана Өзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында конфликти токтотууда жана жөнгө салууда ийгиликтүү тажрыйбага жетишкен. Убактылуу Өкмөттүн учурунда аталган жамааттар (июнь, 2010-ж.) өз тургундарын тынчтанууга, конфликти токтотууга жана жөнгө салууга жасаган аракеттери менен легитимдүүлүгүн далилдешкен.
5. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди, кызматташууларды жөнгө салуудагы ролу орчундуу болгон. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын этностук азчылыктын укугун коргоо багытында жалаң бир (өзбек) этностон турган топтор арасында тренинг-семинарларды өтүүсү башка этносторго терс таасирин тийгизген.
6. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өз ара кызматташтыктарды өркүндөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун тажрыйбасын колдонуу жана жайылтуу зарыл. Анткени этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

1. Этностор аралык мамилелер Кыргызстандын эгемендүү саясатында белгилүү деңгээлде чагылдырылган, бирок диссертацияда айрым жаңы фактылар менен толукталгандыгына байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы ролу менен

кызматташтыгынын теориялык негиздерин, түптөнүшүн, калыптанышын саясий аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык жана саясий-проблематикалык тартипте алгачкы жолу изилденишин **жарым-жартылай жаңылык** деп баалоого болот.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн эске алып, жергиликтүү мамлекеттик жаңы институттарды түзүүнүн зарылчылыгы жок. Ченемдик укуктук актылар жетиштүү, болгону жергиликтүү жамааттарга жеткирүү жана аткаруу теориялык негиздемелерине жаңыча аныктамалардын сунушталышы, этностор аралык конфликтердин алдын алуу багытында күчтөнтүү ишмердигин (2 бап 2.2 бөлүмчөсү 76 бет) азыркы саясий көз караштa сыпаттоосун автордун илимий ишинин **негизги жаңылыгы** катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.
3. Диссертацияда талдоого алынган 2010-жылдагы Июнь коогалаңы мезгилиндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетин алгачкылардан болуп саясий анализдөө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун иш багыттарынын негизи болгон туруктуулукка жетишүүнү иликтөөгө алуу, илимий иштин дагы **бир жаңылыгы** болуп саналат.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын келечектеги кызматташууларынын өсүшүнө багытталган автордун бир катар практикалык сунуштарды (корутунду 150-151 бб.) берүүсү илимий иштин практикалык маанисин көтөрөт деп эсептейбиз.
5. Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

### 3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 23 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен экөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР ЖАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

### 4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)

Калиев Азамат Сайитовичтин “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” деген темадагы 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча даярдалган диссертациясы этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ролун, мазмунун жана тарыхый тажрыйбасын комплектүү саясий

изилдөөгө алган эмгек болуп саналат.

Эгемендүү Кыргызстанда этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, түптөнүшү, калыптанышы саясий аспектиде комплекстүү, системалык тартипте алгачкы жолу изилдениши автордун **жекече салымынын** далили боло алат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстан саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, орду жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндөгү ой-пикирлер, иш тажрыйбасынан келип чыккан жыйынтыктар саясий илиминин, социология, философия, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык мааниси бар.

Диссертациядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жарандык коомдун калыптануусу, анын мыйзамдык базалары, иш багыттары жөнүндөгү саясий фактологиялык материалдар болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Азыркы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу боюнча изилденген темаларда кыргыз жаранынын калыптануу этаптары боюнча ача пикирлер бар. Ошондуктан автор бул жагдайда процессти этапка бөлгөн көз карашын аргументтүү тактап койсо жакшы болмок.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү кемчилдиктерди көйгөйлүү көрүнүштөрдү көрсөтүү керек.
3. Диссертациялык иште колдонулган адабияттардын жана булактардын тизмесин азыркы талаптар менен так жабдып чыгуу сунушталат.

7. **Сунуштар:** Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.С.Калиевдин өз алдынча

даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы А.С.Калиевдин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** Ош мамлекеттик университетинин Философия жана саясат таануу кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Алыбек Акунович сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар;

1. Акунов А., Ибраева В. Адам укуктары жана демократия. - Бишкек, 1998. - 84 с. 5,2 п.л. (2,6 п.л. - авторское участие)
2. Акунов А. Саясат таануу. Бишкек: 2014. 597 б.
3. Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда. - Бишкек. 2017. 593 бет.

- ***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты Мусуралиева Мээрим Мамбеткалыковна сунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

1. Мусуралиева, М.М. Мировое информационное пространство как фактор интеграции [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Наука и новые технологии. - 2015.– № 2. - С.272-274.
2. Мусуралиева, М.М. Информационные ресурсы – как инструмент обеспечения политической безопасности Кыргызской Республики [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Известия НАН Республики Казахстан. – Алматы, 2015. - № 2. –С. 227-231.
3. Мусуралиева, М.М. Глобальное информационное общество как единое информационное пространство [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Вестник КНПУ имени Абая. – Алматы, 2014. - № 2. –С. 94-97.

# КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү А.С.Калиевдин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт** тарых илимдеринин
доктору, профессор **А.Акунов** _______________ _______________

И. Раззаков атындагы
Кыргыз Мамлекеттик
Техникалык Университети
Колун тастыктайм. КБ

*Комиссиянын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:*

Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты Ч.Ш.Абдыраманова
"__" _______________ 2020 ж

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия жана саясий укуктук изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбековичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролуна изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:** Эгемендүү Кыргызстанды өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтүү кырдаалды жөнгө салуу ролун комплекстүү изилдөөнүн негизинде аныктоонун максаттары төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1. Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепцияларды анализдөө.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн көп түрдүү теориялык негиздерин иликтөө.
3. Этно-конфликти изилдөөдөгү негизги багыттарын иликтөө.
4. Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга багытталган мамлекеттик мыйзамдарды, ченемдик укуктук актыларды анализдөө.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү ишмердигин жана мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө.
6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү

КИРИШ № ______ « » ______ 20__ ж.

өз алдынча башкаруу органдарынын этно-конфликтерди токтотууда жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салуудагы тажрыйбасын анализдөө.

7. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ролун анализдөө.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ролун кызматташтыгын, багыттарын жана келечегин анализдөө жана аныктоо.

Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүүнүн мүмкүнчүлүгүн баалоо.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:** Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык конфликтти жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ишмердүүлүгүн анализдөө

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык андоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

**3. Диссертациялык теманын актуалдуулугу** Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу аракеттери негизги маселе катары күн тартибинде туруп, алардын туруктуулугун жана улуттук коопсуздугун жөнгө салуу багытында бир катар перспективдүү пландар иштелип чыкты. Ошого карабастан мындай этностор аралык конфликтүү көрүнүш Кыргызстандын түштүк аймагында кайра-кайра кездешкендиги да тарыхый реалдуу көрүнүш.

Этникалык топтор өздөрүнүн тарыхый тажрыйбасын, маданиятын, каада-салтын сактоого аракеттенишет. Улуттук-аймактык өз алдынчалыкты талап кылган фактылары да кездешет. Көпчүлүк учурда мындай аракеттер негативдүү көрүнүштөр менен коштолуп, саясий туруксуздукка, адам өлүмүнө, материалдык чыгымдарга алып келет. Кыргызстандын түштүгүндө 1963, 1990, 2010-жылдары этностор аралык конфликтер катталган. Кагылышуунун негизги себептери катары саясий туруксуздук, экономикалык, социалдык, саясий, аймактык, саясий элитанын бийлик үчүн күрөшүндөгү конфликтке алып келген чакырыктары, бийлик үчүн күрөш, этностор аралык байланыш менен мамилелердин чыңалуусун жараткан. Адамзат канча мезгил жашаса ошончо мезгил конфликтүү кырдаал коштоп жүргөндүктөн бул феномендин илимий анализи дайыма актуалдуу болуп саналат. Этностор аралык конфликтер түшүнүгү инсандар аралык, этносоциалдык, тайпалар жана улуттар аралык чыр-чатактар түшүнүгү менен

синонимдеш жана бул дүйнө элдеринин көйгөйлүү маселелеринен экендиги белгилүү. Дүйнөлүк тажрыйба колдонгон өкмөттүк эмес уюмдардын ыкмаларын өздөштүрүү менен Кыргызстан да полиэтникалык мамлекет катары этностор аралык мамилелерди позитивдүү сапаттуу жөнгө салуусу, мамлекеттин улут саясатын жолго коюусу маанилүү.

Этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролун, кызматташтыгын саясий анализдөө учур талабы. Андыктан, этностор аралык мамилелеринин өнүгүү тенденцияларына алдын ала сереп салуу, улуттук-этникалык толеранттуулук принциптерин ишке ашыруу, коомдогу инсандын ордун социо-маданий аң-сезимин жогорулатууга багыт алуу, кадр саясатын жүргүзүү зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жана кызматташтыгы изилдөөнүн негизги мазмунун түзүп теманын актуалдуулугун далилдейт.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

## 3. Илимий натыйжалар:

Иште саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**3.1.** Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

1. Этностор аралык мамилелердин концепциялары, теориялык моделдери иликтенген.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелердин теориялык негиздери жана көп түрдүү багыттары иликтенген.
3. Изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары иликтенген.
4. Кыргыз тилине берилген статус, мамлекеттеги демократиялык кыймылдардын таасирлери, КР Конституциясынын негиздери, өлкөдө жашаган башка этностор арасында нааразычылыктар Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшүнө, этностор аралык мамилелерге байланышкан президенттердин жарлыктарын, мыйзамдарды, этникалык өнүгүү концепцияларын кабыл алынуусуна түрткү болгон.
5. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги күч. Анткени көйгөйлөр токтоосуз чечүүнү талап кылган жергиликтүү маселеден башталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн аймагындагы

жарандарын билишет, көйгөйлөрүн чечүүгө милдеттүү жана мүмкүнчүлүктөрү бар.

6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди токтотууда жана чечүүдөгү тажрыйбасы иликтенген. Алардын конфликти жөнгө салууда чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.
7. Өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда аткарган иштери оң таасирдуу болгону менен терс таасирдүү тажрыйбасы да бар.
8. Өкмөттүк эмес уюмдар коомдук башталышта жергиликтүү жарандар арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташып жыйналыштарды тренинг-семинарларды уюштуруу аркылуу чет мамлекеттердин тажрыйбасын жайылтышат. Этностор арасындагы ынтымак менен биримдикти чыңдоого багыттар калыптанып жатат.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

1. Этностор аралык мамилелердин примордиалисттик, конструктивисттик жана инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностун, улуттун түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет.
2. Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005 жана 2010-жылдардагы саясий төңкөрүштөр, 2010-ж. кыргыз-өзбек этникалык кагылышуусу, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана көп партиялуу системанын республикадагы тажрыйбасы этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсүнө негиздүү болушу үчүн саясий партияларга этностук азчылыкка квоталар шайлоо кодексине киргизилген жана Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык жана КР укуктук нормаларынын негизинде этностор аралык келишпестиктердин алдын алууга, мыйзам чегинде этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө түз жоопкерчиликтүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө этникалык топтун өкүлдөрүн катыштыруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жөнгө салып, мамилелерди өнүктүрүүгө багыт алуу мүмкүнчүлүгү бар. Республикалык масштабда

жаңы институттарды түзүүнүн кажети жок себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамында жана өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында этностор аралык конфликтердин алдын алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар.

4. Жергиликтүү жамаат, айыл аксакалдары менен диний уюмдардын өкүлдөрүнүн кызматташтыгы Ош, Жалал-Абад жана Өзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында конфликти токтотууда жана жөнгө салууда ийгиликтүү тажрыйбага жетишкен. Убактылуу Өкмөттүн учурунда аталган жамааттар (июнь, 2010-ж.) өз тургундарын тынчтанууга, конфликти токтотууга жана жөнгө салууга жасаган аракеттери менен легитимдүүлүгүн далилдешкен.
5. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди, кызматташууларды жөнгө салуудагы ролу орчундуу болгон. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын этностук азчылыктын укугун коргоо багытында жалаң бир (өзбек) этностон турган топтор арасында тренинг-семинарларды өтүүсү башка этносторго терс таасирин тийгизген.
6. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өз ара кызматташтыктарды өркүндөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун тажрыйбасын колдонуу жана жайылтуу зарыл. Анткени этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

1. Этностор аралык мамилелер Кыргызстандын эгемендүү саясатында белгилүү деңгээлде чагылдырылган, бирок диссертацияда айрым жаңы фактылар менен толукталгандыгына байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы ролу менен кызматташтыгынын теориялык негиздерин, түптөнүшүн, калыптанышын саясий аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык жана саясий-проблематикалык тартипте алгачкы жолу изилденишин **жарым-жартылай жаңылык** деп баалоого болот.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн эске алып, жергиликтүү мамлекеттик жаңы институттарды түзүүнүн зарылчылыгы жок. Ченемдик укуктук актылар жетиштүү, болгону жергиликтүү жамааттарга жеткирүү жана аткаруу теориялык негиздемелерине жаңыча аныктамалардын сунушталышы, этностор аралык конфликтердин алдын алуу багытында күчтөнтүү ишмердигин (2 бап 2.2 бөлүмчөсү 76 бет) азыркы саясий көз

караштa сыпаттоосун автордун илимий ишинин **негизги жаңылыгы** катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

3. Диссертацияда талдоого алынган 2010-жылдагы Июнь коогаланы мезгилиндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетин алгачкылардан болуп саясий анализдөө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун иш багыттарынын негизи болгон туруктуулукка жетишүүнү иликтөөгө алуу, илимий иштин дагы **бир жаңылыгы** болуп саналат.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын келечектеги кызматташууларынын өсүшүнө багытталган автордун бир катар практикалык сунуштарды (корутунду 150-151 бб.) берүүсү илимий иштин практикалык маанисин көтөрөт деп эсептейбиз.
5. Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

### 3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 23 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен экөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР ЖАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

### 4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)

Калиев Азамат Сайитовичтин “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” деген темадагы 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча даярдалган диссертациясы этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ролун, мазмунун жана тарыхый тажрыйбасын комплектүү саясий изилдөөгө алган эмгек болуп саналат.

Эгемендүү Кыргызстанда этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, түптөнүшү, калыптанышы саясий аспектиде комплекстүү, системалык тартипте алгачкы жолу изилдениши автордун **жекече салымынын** далили боло алат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстан саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, орду жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндөгү ой-пикирлер, иш тажрыйбасынан келип чыккан жыйынтыктар саясий илиминин,

социология, философия, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык мааниси бар.

Диссертациядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жарандык коомдун калыптануусу, анын мыйзамдык базалары, иш багыттары жөнүндөгү саясий фактологиялык материалдар болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Салыштырма анализдин жыйынтыгын изденүүчү эмнеге көрсөткөн эмес жана салыштырма талдоо ыкмасынын жыйынтыктарын тереңирээк чечмелеп бергенде жакшы болмок.

2. 3-глава боюнча өкмөттүк эмес уюмдардын этно-конфликттерди жөнгө салуудагы орду, кызматташтыгы, багыттары жана келечеги анализденген, бирок бул бөлүмдө шилтемелер аз кездешет.

3. Диссертациялык иште жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин талдоодо ачык сын-пикирлерди тартынбастан айтканда, иштин деңгээлине оң таасирин бермек.

7. **Сунуштар:** Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.С.Калиевдин өз алдынча даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы А.С.Калиевдин “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

- ***Жетектөөчү мекеме катары*** Ош мамлекеттик университетинин Философия жана саясат таануу кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Алыбек Акунович сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү;

1. Акунов А.А., Ибраева В. Адам укуктары жана демократия. - Бишкек, 1998. - 84 с. 5,2 п.л. (2,6 п.л. - авторское участие)
2. Акунов А. Саясат таануу. Бишкек: 2014. 597 б.
3. Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда. - Бишкек. 2017. 593 беттен турган эмгектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелерге багытталган эмгектери бар

- ***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты, Мусуралиева Мээрим Мамбеткалыковна сунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

1. Мусуралиева, М.М. Мировое информационное пространство как фактор интеграции [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Наука и новые технологии. - 2015.– № 2. - С.272-274.
2. Мусуралиева, М.М. Информационные ресурсы – как инструмент обеспечения политической безопасности Кыргызской Республики [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Известия НАН Республики Казахстан. – Алматы, 2015. - № 2. –С. 227-231.
3. Мусуралиева, М.М. Глобальное информационное общество как единое информационное пространство [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Вестник КНПУ имени Абая. – Алматы, 2014. - № 2. –С. 94-97.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү А.С.Калиевдин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт** саясий илимдеринин доктору,
профессор **С.Ж.Сааданбеков** ________________

С.Ж. Сааданбековдун койгон колун тастыктаймын! Г. Шергазбаева.

*Комиссиянын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:*

Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты **Ч.Ш.Абдыраманова**

"23" ______________ 2020 ж

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия жана саясий укуктук изилдөө институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетине караштуу Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин эксперти философия жана саясий илимдеринин доктору, профессор Артыкбаев Мэлс Таабалдиевичтин 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Иште 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин талабына жооп берүүчү Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролуна изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары:** Эгемендүү Кыргызстанды өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтүү кырдаалды жөнгө салуу ролун комплекстүү изилдөөнүн негизинде аныктоонун максаттары төмөнкүдөй милдеттер аркылуу берилген:

1. Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепцияларды анализдөө.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн көп түрдүү теориялык негиздерин иликтөө.
3. Этно-конфликти изилдөөдөгү негизги багыттарын иликтөө.
4. Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга багытталган мамлекеттик мыйзамдарды, ченемдик укуктук актыларды анализдөө.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү ишмердигин жана мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № Дк-05-20
«24» ноябр 20 20ж

6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этно-конфликтерди токтотууда жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салуудагы тажрыйбасын анализдөө.
7. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ролун анализдөө.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ролун, кызматташтыгын, багыттарын жана келечегин анализдөө жана аныктоо.

Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүүнүн мүмкүнчүлүгүн баалоо.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:** Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ишмердүүлүгүн анализдөө.

Изилдөөнүн методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториянын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши. Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий жана системалык-структуралык принциптер түзүп, салыштырмалуулук, анализ-синтез, эмпирикалык аңдоо, саясий анализ жана институционалдык ыкмалары колдонулган.

3. **Диссертациялык теманын актуалдуулугу:** Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу аракеттери негизги маселе катары күн тартибинде туруп, алардын туруктуулугун жана улуттук коопсуздугун жөнгө салуу багытында бир катар перспективдүү пландар иштелип чыкты. Ошого карабастан мындай этностор аралык конфликтүү көрүнүш Кыргызстандын түштүк аймагында кайра-кайра кездешкендиги да тарыхый реалдуу көрүнүш.

Этникалык топтор өздөрүнүн тарыхый тажрыйбасын, маданиятын, каада-салтын сактоого аракеттенишет. Улуттук-аймактык өз алдынчалыкты талап кылган фактылары да кездешет. Көпчүлүк учурда мындай аракеттер негативдүү көрүнүштөр менен коштолуп, саясий туруксуздукка, адам өлүмүнө, материалдык чыгымдарга алып келет. Кыргызстандын түштүгүндө 1963, 1990, 2010-жылдары этностор аралык конфликтер катталган. Кагылышуунун негизги себептери катары саясий туруксуздук, экономикалык, социалдык, саясий, аймактык, саясий элитанын бийлик үчүн күрөшүндөгү конфликтке алып келген чакырыктары, бийлик үчүн күрөш, этностор аралык байланыш менен мамилелердин чыңалуусун жараткан. Адамзат канча мезгил жашаса ошончо мезгил конфликтүү кырдаал коштоп жүргөндүктөн бул феномендин илимий анализи дайыма актуалдуу болуп саналат. Этностор аралык конфликтер түшүнүгү йнсандар аралык,

этносоциалдык, тайпалар жана улуттар аралык чыр-чатактар түшүнүгү менен синонимдеш жана бул дүйнө элдеринин көйгөйлүү маселелеринен экендиги белгилүү. Дүйнөлүк тажрыйба колдонгон өкмөттүк эмес уюмдардын ыкмаларын өздөштүрүү менен Кыргызстан да полиэтникалык мамлекет катары этностор аралык мамилелерди позитивдүү, сапаттуу жөнгө салуусу, мамлекеттин улут саясатын жолго коюусу маанилүү.

Андыктан, этностор аралык мамилелеринин өнүгүү тенденцияларына алдын ала сереп салуу, улуттук-этникалык толеранттуулук принциптерин ишке ашыруу, коомдогу инсандын ордун социо-маданий аң-сезимин жогорулатууга багыт алуу, кадр саясатын жүргүзүү зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жана кызматташтыгы изилдөөнүн негизги мазмунун түзүп теманын актуалдуулугун далилдейт.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:

Жогорудагы айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында ким үчүн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар:**

Ишге саясий илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**3.1**. Алынган натыйжалардын азыркы илим чегинде илимий жаңылыгы барбы, болсо ал эмнелерден турат (илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностиканын жана дарылоонун жаңы методу, проблеманын жаңыча берилиши ж.б.).

1. Этностор аралык мамилелердин концепциялары, теориялык моделдери иликтенген.
2. Этностор жана улуттар аралык мамилелердин теориялык негиздери жана көп түрдүү багыттары иликтенген.
3. Изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары иликтенген.
4. Кыргыз тилине берилген статус, мамлекеттеги демократиялык кыймылдардын таасирлери, КР Конституциясынын негиздери, өлкөдө жашаган башка этностор арасында нааразычылыктар Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшүнө, этностор аралык мамилелерге байланышкан президенттердин жарлыктарын, мыйзамдарды, этникалык өнүгүү концепцияларын кабыл алынуусуна түрткү болгон.
5. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги күч. Анткени көйгөйлөр токтоосуз чечүүнү талап кылган жергиликтүү маселеден башталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн аймагындагы жарандарын билишет, көйгөйлөрүн чечүүгө милдеттүү жана

мүмкүнчүлүктөрү бар.

6. Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди токтотууда жана чечүүдөгү тажрыйбасы иликтенген. Алардын конфликти жөнгө салууда чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.
7. Өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда аткарган иштери оң таасирдуу болгону менен терс таасирдүү тажрыйбасы да бар.
8. Өкмөттүк эмес уюмдар коомдук башталышта жергиликтүү жарандар арасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташып жыйналыштарды тренинг-семинарларды уюштуруу аркылуу чет мамлекеттердин тажрыйбасын жайылтышат. Этностор арасындагы ынтымак менен биримдикти чыңдоого багыттар калыптанып жатат.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө материалды жыйноо ыкмаларды жана илимий жыйынтыктарды аргументтөө:**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер саясий илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

1. Этностор аралык мамилелердин примордиалисттик, конструктивисттик жана инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностун, улуттун түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет.
2. Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005 жана 2010-жылдардагы саясий төңкөрүштөр, 2010-ж. кыргыз-өзбек этникалык кагылышуусу, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана көп партиялуу системанын республикадагы тажрыйбасы этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсүнө негиздүү болушу үчүн саясий партияларга этностук азчылыкка квоталар шайлоо кодексине киргизилген жана Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эл аралык жана КР укуктук нормаларынын негизинде этностор аралык келишпестиктердин алдын алууга, мыйзам чегинде этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө түз жоопкерчиликтүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө этникалык топтун өкүлдөрүн катыштыруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жөнгө салып, мамилелерди өнүктүрүүгө багыт алуу мүмкүнчүлүгү бар. Республикалык масштабда жаңы институттарды түзүүнүн кажети жок себеби жергиликтүү өз

алдынча башкаруу мыйзамында жана өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында этностор аралык конфликтердин алдын алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар.

4. Жергиликтүү жамаат, айыл аксакалдары менен диний уюмдардын өкүлдөрүнүн кызматташтыгы Ош, Жалал-Абад жана Өзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында конфликти токтотууда жана жөнгө салууда ийгиликтүү тажрыйбага жетишкен. Убактылуу Өкмөттүн учурунда аталган жамааттар (июнь, 2010-ж.) өз тургундарын тынчтанууга, конфликти токтотууга жана жөнгө салууга жасаган аракеттери менен легитимдүүлүгүн далилдешкен.
5. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди, кызматташууларды жөнгө салуудагы ролу орчундуу болгон. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын этностук азчылыктын укугун коргоо багытында жалаң бир (өзбек) этностон турган топтор арасында тренинг-семинарларды өтүүсү башка этносторго терс таасирин тийгизген.
6. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өз ара кызматташтыктарды өркүндөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун тажрыйбасын колдонуу жана жайылтуу зарыл. Анткени этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

**3.3 Иштин теориялык мааниси (жаңы теория же колдонуудагы илимий теорияны же концепцияны байытуу):**

1. Этностор аралык мамилелер Кыргызстандын эгемендүү саясатында белгилүү деңгээлде чагылдырылган, бирок диссертацияда айрым жаңы фактылар менен толукталгандыгына байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликти жөнгө салуудагы ролу менен кызматташтыгынын теориялык негиздерин, түптөнүшүн, калыптанышын саясий аспектиде комплекстүү, тарыхый-хронологиялык жана саясий-проблематикалык тартипте алгачкы жолу изилденишин **жарым-жартылай жаңылык** деп баалоого болот.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн эске алып, жергиликтүү мамлекеттик жаңы институттарды түзүүнүн зарылчылыгы жок. Ченемдик укуктук актылар жетиштүү, болгону жергиликтүү жамааттарга жеткирүү жана аткаруу теориялык негиздемелерине жаңыча аныктамалардын сунушталышы, этностор аралык конфликтердин алдын алуу багытында күчтөнтүү ишмердигин (2 бап 2.2 бөлүмчөсү 76 бет) азыркы саясий көз караште сыпаттоосун автордун илимий ишинин **негизги жаңылыгы**

катары эсептөөгө болот. Бул тема диссертациялык деңгээлде мурда атайын каралган эмес.

3. Диссертацияда талдоого алынган 2010-жылдагы Июнь коогалаңы мезгилиндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетин алгачкылардан болуп саясий анализдөө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун иш багыттарынын негизи болгон туруктуулукка жетишүүнү иликтөөгө алуу, илимий иштин дагы **бир жаңылыгы** болуп саналат.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын келечектеги кызматташууларынын өсүшүнө багытталган автордун бир катар практикалык сунуштарды (корутунду 150-151 бб.) берүүсү илимий иштин практикалык маанисин көтөрөт деп эсептейбиз.
5. Демек, автордун бул эмгеги илимий материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин 23 макаласында жарыяланган эмгектери бар анын ичинен экөө чет өлкөлүк РИНЦке кирген илимий конференцияларда баяндалып журналдарда чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР ЖАК сунуштаган талаптарга толук жооп берет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Калиев Азамат Сайитовичтин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча даярдалган диссертациясы этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын ролун, мазмунун жана тарыхый тажрыйбасын комплектүү саясий изилдөөгө алган эмгек болуп саналат.

Эгемендүү Кыргызстанда этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, түптөнүшү, калыптанышы саясий аспектиде комплекстүү, системалык тартипте алгачкы жолу изилдениши автордун **жекече салымынын** далили боло алат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстан саясий илимине белгилүү деңгээлде салым кошо алат. Изилдөөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролунун теориялык негиздери, орду жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндөгү ой-пикирлер, иш тажрыйбасынан келип чыккан жыйынтыктар саясий илиминин, социология, философия, тарых жана башка коомдук илимдер үчүн теориялык

маанисi бар.

Диссертациядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролу жарандык коомдун калыптануусу, анын мыйзамдык базалары, иш багыттары жөнүндөгү саясий фактологиялык материалдар болочок илимий изилдөөлөрдө, жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептерин, окуу-усулдук колдонмолорду даярдоодо, окутууда жана тарбиялоодо колдонулушу мүмкүн.

**5. Автореферттын, диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын мазмуну автор тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган авторефераттарда чагылдырылган. Алар толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттар кыргыз, орус жана англис тилинде түзүлгөн идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана өкмөттүк эмес уюмдардын укук коргоо органдары менен болгон мамилелери эске алынган эмес.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ишмердүүлүгүндөгү көйгөйлүү көрүнүштөрдү көрсөтүү керек.

3. Диссертациялык иште айрым бир грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык катачылыктар кездешпей койбойт, аны оңдоп түзөө зарыл.

7. **Сунуштар:**

Жогорку айрым мүчүлүштүктөр автордун диссертациялык изилдөөсүнүн илимий-теориялык жана практикалык деңгээлин түшүрбөйт. Диссертациялык иш изденүүчү А.С.Калиевдин өз алдынча даярдаган, логикалуу жана жыйынтыктуу жазылган илимий эмгеги деп саноого толук мүмкүн.

8. **Сунуштамалар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы А.С.Калиевдин “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)” 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

- ***Жетектөөчү мекеме катары*** Ош мамлекеттик университетинин Философия жана саясат таануу кафедрасын дайындоону сунуш кылат. Анткени аталган структуралык бөлүм саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча бараандуу изилдөөлөрдү жасап жана жарыкка чыгарып келе жатат. Ал жамаатта 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча доктордук жана кандидаттык диссертацияларды коргогон профессордук жана доценттик окумуштуу наамдары бар педагогдор иштешет.

- ***Биринчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйлөрүнө жакын эмгектери бар 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Алыбек Акунович сунуш кылынат. Ал окумуштуунун төмөнкү эмгектери бар;

1. Акунов А., Ибраева В. Адам укуктары жана демократия. - Бишкек, 1998. - 84 с. 5,2 п.л. (2,6 п.л. - авторское участие)
2. Акунов А. Саясат таануу. Бишкек: 2014. 597 б.
3. Акунов А. Кыргызстан эгемендик доорунда. - Бишкек. 2017. 593 беттен турган эмгектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелерге багытталган эмгектери бар

- ***Экинчи расмий оппонент катары*** изилдөөнүн көйгөйүнө жакын темадагы окумуштуу 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты Мусуралиева Мээрим Мамбеткалыковна сунуш кылынат. Ал окумуштуунун этностор аралык мамилелерге тиешелүү төмөнкү эмгектери бар;

1. Мусуралиева, М.М. Мировое информационное пространство как фактор интеграции [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Наука и новые технологии. - 2015.– № 2. - С.272-274.
2. Мусуралиева, М.М. Информационные ресурсы – как инструмент обеспечения политической безопасности Кыргызской Республики [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Известия НАН Республики Казахстан. – Алматы, 2015. - № 2. –С. 227-231.
3. Мусуралиева, М.М. Глобальное информационное общество как единое информационное пространство [Текст]/ М.М. Мусуралиева // Вестник КНПУ имени Абая. – Алматы, 2014. - № 2. –С. 94-97.

# КОРУТУНДУ

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган изденүүчү А.С.Калиевдин "Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу (этносаясий анализ)" деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт** философия жана саясий илимдеринин доктору,
профессор **М.Т.Артыкбаев** ____________ ____________

М.Т. Артыкбаевдин колун тастыктаймын
Бөлүм башчысы [illegible]

***Комиссиянын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктаймын:***

Д 23.20.611 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты **Ч.Ш.Абдыраманова**

"24" 11 2020 ж